**УДК-091**

# КЫРГЫЗСТАН ТООЛУУ, КЕН-БАЙЛЫКТАРГА БАЙ ӨЛКӨ

**Тыныстанова А.А.**
*Тоо-кен иши жана тоо-кен технологиялары институту, Бишкек, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *Даны исторические сведения Института горных дел и горных технологий.*
***Ключевые слова:*** *математическое моделирование, разлив нефти, Каспийское море, нефте-*

# KYRGYZSTAN IS THE MININGIND USTRIALIZEDCOUNTRY

**Тыныстанова А.А.**
*Institute of mining and mining technologies, Bishkek, Kyrgyzstan, Anara-61@mail.ru*

***Abstract:*** *This article is considered the short history of institute of Mining and Mining technology.*
***Key words:*** *mathematical simulation, oil spill, the Caspian Sea, oil products, degradation,*

Тарых барактарына кайрылып карап көрө турган болсок кыргыз эли эң байыркы элдердин катарына кошулат. Биздин заманга чейинки II-III кылымда пайда болгондугун тарых тастыктайт. Байыркы мезгиде эле кыргыздар кен-байлыктарды колдоно билгени: колодон, жезден,күмүштөн, алтындан жана темирден ар түрдүү буюмдарды жасай билгендиги бизге жеткен археологиялык калдыктардан далил болоалат. Кыргыздар XVI кылымда толугу менен эл болуп калыптанып бүткөндөн кийин турмуш-тиричиликтери, жашоо-шарттары да башка нукта өнүгүүгө өткөн. Кол өнөрчүлүктү иштетүүнү да өздөштүрө билишкен. Металлды иштетүүнү мыкты өздөштүрүшкөн. Мына ошол мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки мезгилде канчалаган кылымды карыттык. Ал эми Кыргызстан тоолуу, кен – байлыктарга бай өлкө боюнча кала берет. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын экономикасын көтөрүш үчүн, тоо-кен тармагын ар тараптан өнүктүрүү эң чоң маселе. Азыркы күндө Кыргызстандын жети дубанында кен-байлыктардын, Менделеевдин мезгилдик системасындагы элементтердин бардыгы катылып жатат десек эч жанылышпайбыз. Алтын, күмүш, алюминий, сымаптын, көмүрдүн ж.б. запастары жер-жерлерде биринин артынан бири ачылып жатат. Кыргызстандагы алтындын эң көп запасы Кумтор алтын кен иштетүүчү тармагында кездешет. Ал эми кара алтын атка конгон көмүрдүн эң чоң кени Кара-кече көмүр кенинде жатат. Мындан сырткары көптөгөн кен-байлыктар ачылуу алдында турат, ал эми айрымдары иштеп дажатат.

Мына ошол кен-байлыктарды ишке киргизиш үчүн, иштетиш үчүн эң биринчи кезекте кадр маселесин чечиш керек. Инженердик кадрларды даярдоо бүгүнкү күндүн эң орчундуу маселеси. Ошол тоо-кен тармагында иштей турган инженердик кадрларды даярдоочу окуу жайы бүгүнкү күндө Орто-Азия мамлекеттеринин ичинен жалгыз гана Кыргызстанда бар.

Бул окуу жайы академик У.Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоо-кен технологиялары институту деп аталат. Мурунку союздун учурунда Политехникалык институттун бир факультети болуп Тоо-кен геологиялык факультети эсептелген. Мына ошол факультеттен бүгүнкү күндөгү геологиянын алдыңкы өкүлдөрү, окумуштуулары, академиктер билим алып чыгышкан эле. Ощол бүтүрүүчүлөрдүн бири Осмонбетов Кубат Осмонбетович болгон.

К. Осмонбетов 1935 – жылы 3-мартта Нарын областынын Ак-Талаа районун Куртка айылында төрөлгөн. Ал бала кезинен эле зирек болуп өскөн. Туулуп өскөн айылы тоолу жерде жайгашкандыктан мектепте окуп жүргөн кезинде эле алдынан кездешкен ар бир ташты кыя өткөрбөй изилдөөгө аракет кылчу. Кийин мектепти бүтүп келип Политехникалык институттун тоо-кен геология факультетине тапшырат.Студент кезинен, окууну аяктаганга чейин К. Осмонбетов Кыргызстандын бардык булуң бурчунда болуп

геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзгөн. Окуунун алдыңкысы, активист болуу менен 1958 – жылы Фрунзе политехникалык институтун бүткөн.

Осмонбетов Кубат Осмонбетович эмгек жолунда төмөндөгүдөй ийгиликтерге жетишкен - инженер-геолог, геология- минералогия илимдеринин доктору (1991), профессор (1992), Кыргыз Республикасынын илим жана техника тармагындагы мамлекеттик сыйлыгынын эки жолку лауреаты (1980,1995), Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген геологу (1985). 1958-66-ж. Кыргызстан геология башкармасында улук коллектор, геолог, отряд начальниги, улук геолог, партиянын начальниги. 1967-71-ж. Геология -чалгындоо иштери кызматкерлеринин республикалык профсоюз комитетинин катчысы, төрагасы, 1971-87-ж. Кыргызстан геология башкармасынын башкы геологу, 1987-96-ж. мамлекеттик геология комитетинин геология-экономика изилдөөлөрэкспедициясынын башкы геологу, начальниги, ошол эле учурда. Кыргыз тоо-кен металлургия институтунда кафедра башчысы, 1996-2004 - жж. Кыргыз тоо-кен металлургия институтунун ректору, 2009-ж. азыркы учурга чейин академик У. Асаналиев атындагы тоо кен иши жана тоо кен технологиялары институтунун директорунун илимий иштер боюнча кеңешчиси, 2012-ж. институттун «Геофизикалык чалгындоо» кафедрасынын профессору. К. Осмонбетов - геология, металлогения, пайдалуу кендерди издөө жана чалгындоо боюнча ири адис. Ал өз изилдөөлөрү менен Кыргызстандагы ондогон кендердин ачылышына жана өздөштүрулүшүнө көмөк берген. 500дөй илимий эмгектин, 31 монография, 7окуу китебинин автору. Алардын бир тобу Нарын облусунун геологиялык түзүлүшүнө жана кен-байлыктарына арналган. Кыргыз Республикасынын инженердик академиясынын академиги (1993). "Ардак Белгиси" ордени жана медалдар, "Кенди биринчи изилдегич", "СССРдин кен байлыкты чалгындоонун отличниги" төш белгилери, геоллгия тармагында жетишкен ийгилиги үчүн ISESKO нун лауреаты, Бишкек шаарынын ардактуу атуулу наамын алуу менен көптөгөн сыйлыктардын, наамдардын ээси Ал эми институттун тарыхына кыскача токтолсок ал төмөндөгүдөй.Академик Ү.Асаналиевдин киргизген сунушу менен жана ошол мезгилде Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын президенти болгон И.Т. Айтматовдун жана бир катар окумуштуулардын колдоосу менен Бишкек политехникалык институттун (азыркы И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик университети) Тоо-кен жана геологиялык факультеттин базасында өзүнчө институт бөлүнүп чыгат.1993-жылдын 2-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Указына ылайык «Кыргыз тоо – кен металлургиялык институту» пайда болду. Бул окуу жайдын тунгуч ректору болуп геолгия-минерология илиминин доктору, профессор Үсөнгазы Асаналиев шайланат. Бул окуу жайы тоо-кен тармагында иштей турган жогорку квалификациялуу инженердик – кадрларды даярдоодо абдан керек болгон. Эми гана институттун ишин жакшы жолго коюп,иш баштаган маалда шум ажал академик Ү. Асаналиевди 1996-жылы 63 жашында арабыздан алып кетет. Ал эми Тоо-кен металлургиялык институтуна академик Ү.Асаналиевдин ысымы берилет. 1996-жылы булл окуу жайга академик К. Осмонбетов ректор болуп дайындалат. 1996-жылдан 2004-жылга чейинки аралыкта Осмонбетов Кубат Осмонбетович жетектеп турган мезгилде окуу жай көптөгөн ийгиликтерге жетишип, инженердик кадрларды даярдоодо бир топ жакшы көрсөткүчтөргө жетишкен. Башка мамлекеттердеги бир катар окуу жайлары менен тажрыйба алмашуу үчүн келишим түзүлүп, студенттер билим алып, мыкты кадрлар даярдалып келе баштаган. Ошондой эле илим жаатында К. Осмонбнтов 6 илимдин кандидатын, 2 илимдин докторун даярдап чыгарган.

2005-жылы бул окуу жайы академик Ү. Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоо-кен технологиялары институту деген ысым менен кайрадан И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин составына кошулду. Азыркы учурда окуу жайы 15 тен ашык багыттагы, 31ге жакын специалистерди даярдап чыгарат. Кыргызстандын бардык булуң – бурчунда ачылып иштеп жаткан кен казуу тармактарында иштеген кадрлардын басымдуу бөлүгү ушул окуу жайды аяктагандар.

Окуу жайды аяктагандардын алдыңкы бөлүгү Кумтөр кен казуу ишканасында башкы инженердик адистердин кызматын аркалап келишүүдө. 1956-жылдан 2012-жылга чейинки аралыкта тоо-кен тармагында иштей турган 7500гө жакын адам – инженер – геологдор, инженер-горняктар, инженер-гидрогеологдор, инженер-металлургдар, инженер-электромеханиктер, инженер-экологдор ж.б. даярдалып чыгарылган.

Академик У.Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоо-кен технологиялары институтунда бүгүнкү күндө 218 ге жакын окутуучулар эмгектенсе, анын ичинде 4 академик, 3 Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын мүчө-корреспонденти, 23 илимдин доктору, 71 илимдин кандидаты жана ага окутуучулар эмгектенишет. 20га жакын кафедралар, 4 факультет күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмү, аспирантура жана докторантуралар бар. 4 окуу корпусу, 5 компьютердик класс, 16 лабораториялык окуукабинеттери 3456 студентке кызмат кылып келе жатат. 1962-жылдан бери иштеп келе жаткан академик Ү. Асаналиев атындагы геологиялык музей бар. Анда 6580ге жакын рудалык жана рудалык эмес экспонаттар коюлган.

Чүй областынын Ысык-Ата районунда Кегети полигону, ошондой эле Ыссык-көл областынын Жети-өгүз районундагы Каджы-сай полигону бар. Бул полигондордо студенттер дайыма геологиялык жана геодезиялык практикаларын өткөрүп келишет.

Академик У.Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоо-кен технологиялары институту бүгүнкү күнгө чейин бир катар мамлекеттердеги жогорку окуу жайлар менен тыгыз байланышта болуп келе жатат. Алар Германиядагы Клаусталь университети, Кытайдагы Фудзянь Неормальный университети, Канададагы Эдмонтон шаарындагы Альберт университети, Кореядагы Пуокионгский университети, Россиянын Томск шаарындагы Томск техникалык университети, Магнитогорск мамлекеттик техникалык университети, Москва мамлекеттик тоо-кен университети жана коңшулаш Казахстандын Металлургия жана обогащения институту, Казахстан Улуттук техникалык университети, Чыгыш Казахстан мамлекеттик техникалык университеттери. Жылына бул институттун мыкты окуган студенттери тажырыйба алмашуу үчүн жогоруда аты аталган окуу жайларга жөнөтүлөт.

Окуу жайдын студенттери жыл сайын жайкы практикаларын Кумтор ишканасында, Кара-кече көмүр кенинде, Макмал алтын кен комбинатында, Кутуу-сай, Казакмуз голдишканасында, Талды-Булак алтын-кен комбинатында жана башка кен-байлыктар өндүрүүчү жана нефть иштетүүчү ишканаларда өткөрүшөт. Жыл сайын бул окуу жайына коңшулаш Казахстан, Түркмөнстан, Өзбекстан ж.б. мамлекеттерден ондогон студенттер билим алууга келишет. Ошондой эле башка окуужайын бүтүргөн студенттер да кайрадан экинчи жогорку квалификацияга ээ болуш үчүн академик У.Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоо-кен технологиялары институтунда билимдерин улантышат. Себеби биздин өлкө тоолуу кен-байлыктарга бай өлкө болгондуктан инженердик кадрларга суроо талап абдан жогору.

Тоо – кен инженери, геологиялык инженердик кызмат бул эң оор кесиптин бири. Бирок буга карабастан бул кесипке умтулгандар өтө жогору болууда. Окуу жайды аяктагандардын алды тажрыйбалуу болуп, чет өлкөлүк инвесторлорсуз эле өз алдынча кен иштетүүгө мүмкүнчүлүгү бар кадрлар даяр десем эч жаңылышпайм.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргызстандын тарыхы. Жогорку окуу жвйлары үчүн. – Бишкек, 1998.
2. К. Осмонбетовдун өмүр баяны. – Б., 2014.
3. У. Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоо кен технологиялары институтунун кыскача тарыхы. – Б., 2014.